УДК 8.1.08

**Кошуева М. Ж.**
филология илимдеринин кандидаты, доцент
*Ош мамлекеттик университети*

## УЛУТТУК ТЕРМИНОЛОГИЯНЫН КАЛЫПТАНУУ ТАРЫХЫ

**Кошуева М.Ж.**
кандидат филологических наук, доцент
*Ошский государственный университет*

## ИСТОРИЯ СТАНОВЛЕНИЯ НАЦИОНАЛЬНОЙ ТЕРМИНОЛОГИИ

**Kochueva M. J.**
candidate of Philology, associate Professor
*Osh state University*

## THE HISTORY OF THE FORMATION OF NATIONAL TERMINOLOGY

**Аннотация.** Макалада кыргыз улуттук терминологиясынын калыптанышы тууралуу маселелер каралган. Анда академик Б. Ө. Орузбаеванын кыргыз терминологиясынын калыптануу тарыхына карата айтылган пикирлери камтылган. Ошондой эле, бул багытта, улуттук терминологиянын калыптанышында, алгачкылардан болуп салым кошкон жана түптөгөн белгилүү окумуштуу Касым Тыныстановдун салымы чагылдырылган. Кыргыз тилинде түзүлгөн жаңы сөздөр, айрыкча терминдер, коомдук-саясий мүнөздө гана эмес, илимдин түрдүү тармактарына тиешелүү пайда болуп, кыргыз лексикографиясынын калыптануу процесси ишке ашкандыгы, ошону менен бирге котормо маселеси да камтылган.

**Негизги сөздөр**: улуттук терминология, илимдин тармактары, элдин тарыхы, этнографиясы, философиялык-коомдук, социалдык-экономикалык терминдер, котормонун принциби ж.б.

**Аннотация.** В настоящей статье рассмотрены вопросы становления кыргызской национальной терминологии. Статья включает в себя высказывания академика Б.О.Орузбаевой об истории и становлении кыргызской терминологии. В работе также отражен большой вклад в основание и формирование национальной терминологии Касыма Тыныстанова - ученого, который одним из первых вел исследования в этом направлении. Новые слова, появившиеся в кыргызском языке, особенно термины носят не только общественно-политический характер, но и касаются различных отраслей науки, что обусловило процесс становления кыргызской лексикографии, в том числе теории перевода.

**Ключевые слова:** национальная терминология, отрасли науки, история народа, этнография, философско-социальные, социально-экономические термины, принцип перевода и т. д.

**Annotation.** This article discusses the issues of the formation of the Kyrgyz national terminology. The article includes statements by academician B.O.Oruzbaeva about the history and formation of Kyrgyz terminology. The work also reflects the great contribution to the foundation and formation of national terminology by Kasym Tynystanov, a scientist who was one of the first to conduct research in this direction. New words that have appeared in the Kyrgyz language, especially terms, are not only socio-political in nature, but also relate to various branches of science, which led to the formation of Kyrgyz lexicography, including translation theory.

**Key words**: national terminology, branches of science, the history of the people, ethnography, philosophical and social, socio-economic terms, the principle of translation, etc.

Кыргыз улуттук терминологиясынын калыптанышында “Кыргыз автономиялуу областтык революциячыл комитеттин 1926-жылдын 8-майындагы токтому менен Билим комиссиясынын алдында тер-минология комиссиясы түзүлгөн [2: 53-б.]”, ага карата коюлган талаптарды жана кабыл алынган токтомдордо илимдин тармактары боюнча терминдерди иштеп чыгуу зарылдыгын мезгил талап кылган. Анда төл сөздөрдү колдонуу, араб-иран тилдеринен кирген сөздөрдү колдонууга чек коюлган. Ал эми орус

тили жана интернационалдык терминдерди эне тилден шайкеш келген эквиваленти жок болсо гана колдонуу керектиги белгиленген. Ушул маселелерди академик Б. Ө. Орузбаева "Кыргыз терминологиясы" эмгегинде баса көрсөткөн [2: 19-б.].

Улуттук терминологиянын калыптанышында Касым Тыныстановдун ролу чоң экендиги белгилүү, анткени бул маселе өткөн кылымдын 20-жылдарына, тактап айтканда, СССРдеги маданий революциянын башталышына барып такалат. Кыргыз терминологиясынын тарыхына көз жүгүртсөк, XX кылымдын 20-жылдарынан баштап эле «тилибизде пайда болгон жаңы түшүнүктөрдү жалпы элге жеткиликтүү кылып берүү үчүн адабий тилибиздин алгачкы мезгилинде мүмкүнчүлүктүн болушунча аларды эне тилибиздин сөздүк байлыгы аркылуу туюндуруу муктаждыгы туулду» [3: 9-бет]. Бирок бул мезгилде терминдердин кыргыз тилине кабыл алынышынын өзгөчө татаалдыгы да бар эле. Ал татаалдык - кыргыз тилиндеги терминдерди унификациялоонун принциптеринин толук иштелип чыкпагандыгы жана термин жасоо тажрыйбасынын эми гана башталгандыгы менен байланышта каралат.

К. Тыныстанов жана анын замандаштарынын термин жасоо ишмердигинин алгачкы этабында терминдерди кабыл алуу эки принципке негизделген. «Биринчи принцип - башта кыргыз коомчулугу үчүн таанышэмес ар кандай тармактагы (маселен, илим жана техникада) орус тилинен же ал аркылуу башка тилдерден өздөштүрүлгөн терминдерди мүмкүн болушунча кыргызчалатып берүү аракети. Экинчи принцип - которула турган сөзгө кыргыз тилинде ылайыктуу эквиваленти болбосо ал термин ошол бойдон которулбай кабыл алынган» [3: 9-б.]. Натыйжада, К. Тыныстанов сөздүктөрдү, айрыкча, философиялык-коомдук, социалдык-экономикалык терминдердин сөздүгүн түзүүдө жогоруда белгиленген эки принципти тең пайдаланууга аракет жасаган.

Терминология комиссиясынын ишмердигинде терминдерди түзүүдө мүмкүн болушунча төл сөздөрдү пайдаланууга басым жасалганы К. Тыныстанов тарабынан түзүлгөн сөздүктөрдө даана көрүнөт [4:, 5:]. Илимпоз орус жана батыш европалык тилдердеги терминдерди калькалоодо бул принципти бекем карманган. Натыйжада улуттук тилдин базасында толук жана жарым калькаланган терминдердин саны өздөштүрүлгөн терминдердин санынан көптүк кылат.

Б.Ө.Орузбаева белгилегендей, "СССРдин курамына кирген жазмалуу элдердин тилин изилдөө алардын маданиятын көтөрүүдө, жаңы социалисттик маданияттын түптөлүшүндө өзгөчө мааниге ээ болгон". Анткени кыргыз тилинде башталгыч мектептердин ачылышы окуу китептерин жана окуу куралдарын түзүү милдетин турмуштук зарылдык катары биринчи планга койду. Бул үчүн илимий тармактар боюнча адистерди даярдоо зарыл эле. Ушул муктаждыкты эске алуу менен, К. Тыныстанов авторлорду жана котормочуларды даярдоо семинары үчүн кыргыз тилинин программасын түзгөн [6:]. Семинардын программасында окутуунун (сабактын) мазмунун, негизинен, кыргыз тилинин структурасынан маалымат берүү менен, келечектеги авторлорго жана котормочуларга кыргыз тилинде сөз жасоонун жолун үйрөтүү түзөт.

Программанын «1. Котормо принциптеринен» деген акыркы бөлүгүндө принциптердин мазмуну көрсөтүлгөн. Анда "Котормочунун алдына коюлуучу жалпы негизги шарттар" деген аталыш 4 пункттан турат: а) Котормочу болгон обьектини мыкты билүү; б) Которуучу тил менен которулуучу тилдин өзгөчөлүктөрүнө жетик ээ болуу; в) Котормону окуучулардын жалпы билим деңгээлин эсептөө; ж) Элдин тарыхы – этнография жагына канык болуу» бөлүмчөлөрдө котормонун негизги шарттары берилген. Мында котормодо которулуучу обьектини мыкты билүү зарылдыгы, которуучу тилди жана которулуучу тилдин өзгөчөлүктөрүн мыкты өздөштүрүүгө жетик даярдыкка ээ болуусу, котормо менен таанышып жаткан окурмандын билим деңгээлинин жетиктиги, элдин тарыхы, этнографиясы боюнча жеткиликтүү маалыматка ээ болуусу сыяктуу шарттар коюлган.

Ал эми «2. Котормодогу жалпы принциптер» бөлүктө "а) Тексттеп которуу", "б) Мазмундап которуу» маселелерине ылайык да 4 пункт көрсөтүлөт. Алар "1. Тексттеп которуудагы жана мазмундап которуудагы коркунучтар. 2. Эки принципти айкаштыра колдонуу жолдору. 3. Марксизм-ленинизм классиктеринин эмгектерин которуудагы айрыкча милдеттер жана котормодогу өзгөчөлүктөр. 4. Сөз байланыштар жана аларды колдоно билүү. 5. Башка тилден алынуучу терминдерди ымлалоо" [6: 4,5-бет] деген бөлүмчөлөр болуп эсептелет. Бул талаптар, чындыгында, котормочунун жалпы интеллектин аныктоочу көрсөткүчтөр болуп саналат. Котормочунун тилдик маданиятына ко-

юлган бул талаптар программанын мазмуну менен шайкеш келерин баса белгилейбиз.

К.Тыныстанов котормонун принциптерин текстеп которуу жана мазмундап которуу деп экиге бөлөт. Азыркы термин менен айтканда, текстеп которуу – *сөзмө-сөз которуу*, ал эми мазмундап которуу – *эркин которуу* деп айтылат. Окумуштуу көркөм которуу жөнүндө сөз кылбайт [6: 4-б.]. Албетте, бул жерде программанын арналуу обьектиси автор тарабынан тарытылган. Башкача айтканда, программа окуу китептерин түзгөн авторлорго жана илимий эмгектерди, биринчи кезекте марксизм – ленинизм классиктеринин эмгектерин которгондорго арналган.

Программада марксизм – ленинизм классиктеринин эмгектерин которуу милдеттери өзгөчө басым менен көрсөтүлөт. Албетте, бул маселеде автор мындай мазмундагы чыгармаларды текстеп (сөзмө-сөз) которуу принцибине таянары бышык. Айрыкча, саясий ката кетирбөө маселеси айтпаса да даана байкалат. Прогамманын бул пунктундагы талап да жөн жерден жаралган эмес. Окумуштуу «Ленинизм маселелери» котормосу тууралуу сынга тиркеме» аттуу эмгегинде китептин түп нускасындагы (орусчасындагы) бир топ үзүндүлөр котормодо так эмес которулганын конкреттүү мисалдар менен далилдейт.

Жогоруда белгиленген пункттардын ар биринде К.Тыныстанов термин жасоо маселесин жана алардын мурда жазылышын авторлордун жана котормочулардын эсине салып жатат. Көрүнүп тургандай, термин жасоо маселесинде тилдердин өзгөчөлүктөрүн, эне тилинин сөз жасоо мүмкүнчүлүктөрүн, элдин тарыхын жана этнографиялык мүнөздөмөлөрүн билүү жана сөз байлыгына ээ болуу талаптары көрсөтүлгөн. Демек, илимпоз өзү жашаган кылымдын 20-жылдарында эле ушул программанын мазмунун түзгөн көз караштарынын базасында кыргыз терминологиясына негиз салган деп айтууга болот.

К. Тыныстанов илимпоз катары Бодуэн де Куртенэ, Ф. Фортунатов, А. Шахматов, А. Пешковский сыяктуу орус тилчилеринин, М. Казанбек, В. А. Бордлевский, А. Н. Самайлович, Катанов, Чобанзаде, Г. Шираф, С. А. Малов сыяктуу түркологдордун, казак агартуучу-окумуштуу А.Байтурсуновдун жана кыргыз агартуучусу Э. Арабаевдин эмгектери менен тике тааныш болгон [1: 78-бет]. Демек, окумуштуунун илимий дарамети өз замандаштарына караганда бир топ жогору болгону айкын болуп турат. Ошондуктан ал өзүнүн илимий мектеби жок болсо да, 20-30-жылдардагы улуттук алгачкы филологдордун жалпы илимий кызыгууларына ишмердиктерине жана термин түзүү иштерине таасирин тийгизгендиги шексиз.

К. Тыныстанов 1930-жылдан тартып 1937-жылга чейин Кыргызстандын маданият курулушу институтунун директору жана илимий кызматкери болуп иштөө менен, илимий тармактардын терминдерин иштеп чыгарууда жана унификациялоодо чоң эмгек жумшаган. Натыйжада Тойчу уулу Ыбрай, А. Идирисов, Т. Байжиев, З. Бектенов, Бакжыбаев, Бакиев, Х. Карасаев сыяктуу окумуштуулардын филологиялык жана методикалык көз караштарынын калыптанышына таасирин тийгизген. Демек, К. Тыныстанов окумуштуу катары да, илим изилдөө институтунун жетекчиси катары да жана катардагы илимпоз катары да кыргыз тил илимине, анын бир салаасы болгон кыргыз терминологиясына таасирин тийгизгендиги тарыхый чындык катары каралышы зарыл.

К. Тыныстанов кыргыз тили боюнча окуу китептерин жазуу менен гана чектелген эмес. Ал жарык көргөн 1 сөздүктүн жана жарыяланбаган бир нече сөздүктүн түзүүчүсү катары, «Окуу китеби» (1924-жылы жарык көргөн), «Чоңдор үчүн алиппе» (1927-жылы), «Биздин тил» (1927-жылы), «Эне тили» (1928-жылы 1-басылышы, 1929, 1930), «Ене тили» II бөлүм (1931), «Окуу-жазуу бил» (1927), «Жаңы айыл» (1929) сыяктуу окуу китептеринде зарыл терминдерди иштеп чыгуу менен да кыргыз терминологиясынын түптөлүшүнө жана өнүгүшүнө өзүнүн таасирин тийгизген.

К. Тыныстановдун кыргыз тил илиминдеги орду баарынан мурда, кыргыз тил илиминин негиздөөчүсү катары анын башатында тургандыгы жана кыргыз тилинин фонетикасына, лексикологиясына, терминологиясына, алфавит, орфографиясына, морфологиясына, синтаксисине тиешелүү традициялык маселелерди илимий-нормативдик аспектиден терең териштирип аныктоого аракеттенген ишмердиги менен шартталса, экинчиден, XX кылымдын 30-жылдарынан тартып илимий теориялык айрым бир проблемаларды көтөрүү менен, аларды кыргыз тилинин конкреттүү факт-материалдарынын негизинде териштирүүгө жана аныктоого бел байлаган аракети менен түшүндүрүлөт [1: 15-бет]. Демек, бул пикир окумуштуунун термин-

комдун уюшулушундагы жана улуттук терминологиянын жаралуу жана калыптануу тарыхындагы ордун аныктап турат. Ошентип К. Тыныстанов терминологияга байланыштуу бир топ эмгектерди (сөздүктөрдү) иштеп чыккан жана улуттук терминологиянын калыптанышына чоң салым кошкон.

1. К. Тыныстановдун кол жазма сөздүктөрүн 2 топко бөлүп кароого болот. Биринчи топко коомдук-саясий, философия, коом-чарба жана зоологиялык терминдери (автордун өзүнүн атоосу боюнча берилди) боюнча түзүлгөн сөздүктөрүн, экинчи топко окумуштуунун кыргызча сөздүктөрүн кийиребиз. Булардын ичинен терминологиялык сөздүктөрү алда канча жетишерлик деңгээлде иштелип чыккан.

2. Терминологиялык сөздүктөрүн, иштелип чыккан сөздүктөр катары жарыялангады да, жарыяланбаганы да өз мезгилинде кыргыз тилинин лексикалык составынын жазма түрүнүн калыптанышына жана өнүгүшүнө кызмат кылган деп эсептөөгө болот.

3. Илимдин түрдүү багытына тиешелүү терминологиялык сөздүктөрү «Социально-экономические термины» (№74 инв.), «Куштар классы» (№84 инв.), «Терминдер», (№85 инв.), «Русско-киргизский словарь зоологических терминов» (27-дело), «Русско-киргизский словарь зоологических терминов» (29-дело) деп аталып тиешелүү делолордо сакталып турат.

4. Кыргыз тилинде түзүлгөн жаңы сөздөр, айрыкча, терминдер коомдук-саясий мүнөздө гана эмес, илимдин түрдүү тармактарына тиешелүү пайда болуп, кыргыз лексикографиясынын калыптануу процесси ишке ашкан.

5. Окумуштуу кыргыз кебинин өзгөчөлүктөрүн изилдөө денгээлин иштеп чыккан. Мисалы: «Редакторлорду жана авторлорду даярдоо боюнча семинар үчүн программада» сүйлөмдөгү логикалык басымдын, каратма сөздү сүйлөмдүн өзгөчөлүгүн, ырдын поэтикасын стилистикалык аспектиде окутууну баса белгилеген.

6. Кыргыз тилиндеги тексттердеги стилистикалык каталар «оригиналда айтылган» жана «которулган» деген ажыраткыч темачалар менен «Ленинизм маселелери» котормосу тууралуу сынга «тиркеме» деген рецензияда К.Тыныстанов котормочу кетирген стилистикалык каталарды белгилейт, бирок «стилистика» жана «стиль» терминдерин пайдаланбайт.

7. К.Тыныстанов термин жасоо маселесинде кыргыз тилинин ички жана тышкы сөз жасоо ресурстарын толук пайдаланган жана зоологиялык, коомдук-саясий терминдерди жасоодо элдин дүйнө таанымын, салттык белгилерин бекем сактоого аракет жасаган. К.Тыныстанов баштаган бул саамалык бүгүнкү күнгө чейин колдонулуп келе жатат.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз улуттук терминологиясынын калыптанышы өткөн кылымдын 20-жылдарына туура келет. Анда академик Б.Ө.Орузбаева белгилегендей, адегенде терминологиялык комиссия түзүлүп, бир топ милдеттер коюлган. Тактап айтканда, илимдин тармактары боюнча улуттук терминдерди иштеп чыгууда, башка тилдерден өздөштүрүлгөн сөздөр жана орус тили, ал аркылуу чет элдик терминдерди которуу маселелери каралган. Бул багытта иш жүргүзүүдө К.Тыныстановдун ролу чоң болгон, аны Б.Ө.Орузбаева «... алгачкы кадамы эң алды менен улуттук жазуу-сызууну түзүү, боордош элдердин, эң алды менен улуу орус элинин көп кылымдык бай тажрыйбасынан пайдаланып, башталгыч мектептин көлөмүндө окуу китептерди жана программаларды түзүүнү, марксизм-ленинизм жана дүйнөлүк, ошондой эле, орус классиктеринин чыгармаларын эне тилге которуу тажрыйбаларын баштоо үчүн атайын терминдерди иштеп чыгуу алдыда турган зарыл милдеттерден экендигин турмуш көрсөттү» деп туура белгилеген.[2: 19-б.].

**Пайдаланылган адабияттар**:

1. Абдыкалыкова А. К. Тыныстановдун эмгектеринде фонетика жана морфология маселеринин берилиши. Филол.ил.канд... автореферат, 78-бет.
2. Орузбаева Б. Ө. Кыргыз терминологиясы. - Фрунзе: Мектеп. - 1983.
3. Исабекова А., Дүйшөналиева Т., Карагулова Г. Кыргыз тилиндеги терминологиялык системалардын калыптанышы жөнүндө / Кыргыз терминологиясынын маселелери, 9-бет.
4. КРдин УИАсынын Кол жазмалар фонду. 27-дело, 29-дело,
5. КРдин УИАсынын Кол жазмалар фонду. Инв. инв.№74, №84, №85.
6. КРдин УИАсынын Кол жазмалар фонду. №75, Apturlardь gana qotormoculardь dajardoo seminarь үcүn qьrqьz titlinin programmasь, 1935.